**УДК: 81-11:811,58 (575.2) (04)**

**Мамбеталиева Саткын Чолпонкуловна**
“Аймак таануу” кафедрасынын улук окутуучусу
“Кыргызстан эл аралык университети” ОИӨК
**Мамбеталиева Саткын Чолпонкуловна**
старшй преподаватель кафедры “Регионовдения”
УНПК «Международный университет Кыргызстана»
**Mambetalieva Satkyn Cholponkulovna**
senior teacher, Regional Studies Department
ERPC “International University of Kyrgyzstan”
Tel:+996(559)881818, e-mail: satistyle@mail.ru

# КЫТАЙ МИФОЛОГИЯСЫНДАГЫ ПАНЬГУНУН СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# СЕМАНТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ПАНЬГУ В КИТАЙСКОЙ МИФОЛОГИИ

# SEMANTIC FEATURES OF PANGU IN CHINESE MYTHOLOGY

***Аннотациясы:*** *Макала кытай мифологиясынын кытай элинин адабиятынын, искусствосунун жана маданиятынын өнүгүшүндөгү ролуна арналган. Тарых таануу маселелери козголуп, терминдер, антропологиялык жана космогоникалык мифтер каралып чыккан. Дүйнөнү жараткан Паньгу жөнүндөгү мифтер боюнча изилдөөлөр баяндалган.*
***Негизги сөздөр:*** *адам, Кытай мифологиясы, адабият, демиург.*

***Аннотация:*** *Статья посвящается китайской мифологии, ее роли в развитии литературы, искусства и культуры Китая. Затронуты вопросы историографии, рассматриваются термины, антропологические и космогонические мифы. Описаны исследования мифов о первопредке Паньгу.*
***Ключевые слова:*** *человек, китайская мифология, литература, демиург.*

***Abstract:*** *The article is devoted to Chinese mythology, its role in the development of folk literature, art and culture of China. The historiographical problems are raised, terms, anthropological and cosmogonic myths are considered. The research on myths about the first ancestor Pangu is described.*
***Key words:*** *man, Chinese mythology, literature, demiurge.*

Кытай мифологиясы өзүнүн сюжеттери жана окуялары менен абдан кызыктуу, уламыштардагы ар бир каарман өзгөчө жана табышмактуу келет. Кытай мифологиясы бизди өткөн мезгилдин атмосферасына сиңирип, байыркы учурда ата-бабаларыбыз кандай чөйрөдө жашашкандыгын, кимдерди ыйык тутуп, эмнелерге сыйынып келишкендигин көрсөтөт.

Бул илимий макаланын *актуалдуулугу* болуп кытай мифологиясынын дүйнө жүзүндөгү изилдөөсүн, жана анын ичинде эң белгилүү болгон «Паньгу» туралуу мифтердин маазмундарынын салыштырылып ачылышында жана чечмеленишинде.

*Бул макаланын максаты* – кытай элинин «Паньгу» туралуу мифтеринин сюжеттери аркылуу изилдөөдөгү мүнөздөмөлөрдү жана көйгөйлөрдү тактап чыгуу.

Бул изилдөө теориялык мүнөзгө ээ жана дүйнө окумуштууларынын кытай мифологиясы туралуу байкоолоруна жана изилдөөлөрүнө негизделген.

*Тутумдук жана комплекстүү ыкмалары* колдонулуп, *ретроспективдүү жана салыштырмалуу талдоо* жүргүзүүнүн негизинде макаланын баштапкы максатына жетти.

*Изилдөөнүн натыйжалары*. Байыркы кытай мифтери кытай элинин адабиятынын, искус-

ствосунун жана маданиятынын өнүгүшүндө чоң роль ойнойт. Кытай мифологиялык сюжеттеринин негизинде көп сандаган поэтикалык, прозаикалык, сатиралык чыгармалар, аңгемелер, повесттер, жомоктор жазылган. Байыркы кытай мифологиясы китеп эпосторун жаратуу үчүн маанилүү булак болуп табылган. Мифтик образдарды У Чэн-Эндин «Батышка саякат» жана Сюй Чжун-Линдин «Рухтардын деңгээлине көтөрүлүү» эпосторунан арбын табууга болот. Ошондой эле мифтик каармандар жөнүндө ырлар бар. Көптөгөн адабий чыгармаларда мифтик баатырлар илгерки замандын чыныгы тарыхый башкаруучулары катары көрсөтүлүп келген[1].

Дүйнөнүн жаралышы жана адамзаттын сырткы көрүнүшү жөнүндөгү маселелер окумуштууларды көп жылдардан бери тынчсыздандырып келет, ошондуктан, алар ушул маселе боюнча ой жүгүртүп, кудайдын таасири менен байланышкан кандайдыр бир сыйкырдуу, бир карaганда, таң калыштуу идеяларды сунушташат. Дүйнөнүн ар бир элинде бул табышмактуу окуяга байланыштуу өздөрүнүн мифтери, уламыштары бар, жана Кытай да бул жагынан четте калган эмес. Тилекке каршы, кытай мифтери бизге толук жете алган жок, айрым окумуштуулар мунун себеби конфуцийчиликтин мифологияга болгон терс мамилеси болушу мүмкүн деп эсептешет, башкалардын айтымында, кытай мифтери оозеки жашоосунун көп кылымдардын ичинде күчтүү трансформациядан өткөн дешет. Ошентип, Э.М.Яншиндин «Байыркы кытай мифологиясынын калыптанышы жана өнүгүшү» деген китебинде синолог Д.Бодденин пикири мисал келтирилген, ал «Кытайдагы жеке мифтер, албетте, кездешет, бирок мифологиялык тутум, биз билгендей мифологиялык материалдардын иштелип чыккан жыйындысы жокко эсе» [2, 11 б.].

Космогоникалык мифтер [3] – дүйнөнүн жаралышы жөнүндөгү мифтер, башаламандыктан космостун келип чыгышы жөнүндөгү уламыштар, көпчүлүк мифологиялардын негизги баштапкы сюжети.

Бул макалада Ааламдын жаралышы кытай элинин үч мифинин мисалында каралат, алар бири-биринен сюжети менен айырмаланып турса да, ошол эле учурда жалпы өзгөчөлүктөргө ээ. Төмөндө мисал келтирилген кытай мифтеринин ичинен экөөсүнүн башталышында Хаос-хуньдунь туралуу сүрөттөлгөн окшош сюжеттер бар.

Үч мифтин биринчиси дүйнөнүн жаралышы жөнүндө баяндайт, анда башкы ролду дүйнөдөгү алгачкы адам, кытай мифологиясынын көрүнүктүү баатырларынын бири – Паньгу ээлейт. Атактуу кытай мифологу Юань Кэнин «Байыркы Кытайдын мифтери» китебинде келтирилген мифке ылайык [4], Паньгу өзү туулуп, башаламандыкка толгон жумурткада чоңойгон. Ал айланасындагы караңгылыкка капаланып, жумуртканы жарып чыккан. Жумурткадан чыккан жарык жана таза нерселердин бардыгы өйдө көтөрүлүп, асман- Ян пайда болгон, ал эми караңгы нерселердин бардыгы ылдый түшүп, жер – Инь пайда болгон. Асман менен жердин кайрадан биригишине жол бербөө үчүн Паньгу асманды абдан бийик көтөргөн, бирок дагы деле болсо асман менен жерди бир дарак байланыштырып турган. Караңгы менен жарыктын кайрадан биригип калышынан чочулаган Паньгу ал бакты кыйа баштаган, кыйып бүтөөр замат көз жумган. «Паньгунун сол көзү жаркыраган күнгө, ал эми оң көзү асмандагы айга айланат. Анын акыркы деми шамал менен булут болуп, акыркы үнү күндүн күркүрөшүнө айланат. Паньгунун чачтары жана муруту асмандагы жылдыз болуп төгүлөт. Колдору жана буттары жердин төрт тарабын: түндүк-түштүктү, чыгыш-батышты көрсөтүп, денесиндеги жүгүргөн каны болсо, жерге дарыя жана көл болуп куюлган экен. Анын тарамыштары адамдар баскан жол болуп, денесиндеги эттери жердеги түшүм берчү топуракка айланат. Алп дөөнүн терисиндеги түктөрү дарактар менен чөпкө, тиштери менен сөөктөрү – алтын, күмүш, жез, темир, нефрит жана башка кең байлыктарга, денесинен аккан тер жамгыр менен шүүдүрүмгө айланат. Мына ошентип, асман менен жер пайда болуп, биз билген дүйнө жаралган экен»[5, 55 б.].

Экинчи мисалдагы миф Чжоу Юйдун 17-кылымдын башында жазылган “Дүйнөнүн жаратылышы жөнүндөгү уламыш” китебинен алынган Хаос жөнүндө сөз болот. Мазмуну жана түзүлүшү боюнча Паньгу мифинин биринчи вариантына жакын, бирок мифтин тексти адамдардын табигый тартипке кийлигишүүсүнүн зыяндуулугу жөнүндөгү философиялык мисалдын

контекстинен алынган. Бул уламышта Хаосту жумуртка сымал көрүнүшкө ээ болгон дүйнөнүн башкаруучусу чагылдырат. Күндөрдүн биринде Түндүк менен Түштүктүн падышалары Ху жана Шу Хаоско конокко келишет. Аларга көрсөтүлгөн меймандостугу үчүн ыраазычылык катары, башка жандыктардыкындай эле Хаоско да көзөнөк жасап берүүнү чечишет. Ошентип, күндө бирден жасап отурушуп, жети күндүн ичинде жети сезүү органдарын Хаоско белек кылышкан. Бирок, сегизинчи күнү Хаос өлүп, анын ордуна Ху менен Шуну түбөлүккө бөлүп турган Аалам пайда болгон. Демек, байыркы кытайлардын пикири боюнча дүйнөдө тартип ушундайча калыбына келе баштаган [6, 3 б.].

Үчүнчү миф Паньгу жөнүндөгү биринчи салыштырылган мифтин сюжети менен дагы, дүйнөдөгү тартипти уюштуруу жөнүндөгү экинчи мифтин сюжети менен дагы жалпы өзгөчөлүктөргө ээ. Мифтин мазмунунда Асман менен Жердин бөлүнүшү жана адамдар менен кудайлардын ортосундагы байланыштын үзгүлтүккө учурашы жөнүндө айтылат. Илгери адамдар жана кудайлар эркин байланышта болушкан, адамдар каалаганда асманга көтөрүлүшүп, кудайлар каалаган учурда жерге түшүп турушкан. Натыйжада, дүйнөдө башаламандык орун алган. Падыша бул башаламандыкты токтотууну чечип, Чжун жана Ли кызматчыларына асман менен жердин байланышын үзгүлтүккө учуратууга буйрук берген. Бул буйрукту аткаруу максатында Чжун асманды бийик көтөрүп, Ли жерди ылдый басып түшүргөн[6, 344 б.]. Орус окумуштуусу М.Е.Кравцованын айтымында, Чжун жана Ли чиновниктери жөнүндөгү миф гана чындыгында кытай элинин космогоникалык мифи болуп эсептелинет, ал эми Паньгу жана Хаос-хуньдунь жөнүндөгү мисал алгач келтирилген мифтер кытай элинин эмес, Байыркы Кытайдын территориясында жашаган улуттардын жана Түштүк Азия элдеринин ишенимдеринен алынган. [7].

Н.Т. Федоренко “Кытай мифологиясынын тематикалык уникалдуулугу” деген макаласында ушул маселе боюнча ушундай эле ой-пикирин билдирет, ал мифтер Кытайдын ар кайсы аймактарын байырлаган көптөгөн элдердин эмгегин чагылдырат деп эсептейт. Акырындап Кытайдагы улуттардын өз ара аракеттенүү процессинде мифологиялык уламыштардын аралашуусу болгон, ар кандай уруулардын маданияты биригип кытай маданиятын түзгөндүктөн, аталган мифтердин кайсы улуттан келип чыгышын аныктоо өтө кыйынга турат. [8, с. 385].

Изилденип жаткан булактарга таянып, Кытайдын дүйнөнү түзүү идеясы Батыш өлкөлөрүнүн мифологиясынан кескин айырмаланып турат, бирок бул Кытай маданиятына болгон кызыгуунун өсүшүнө гана өбөлгө болот деген *тыянак* чыгарсак болот. Коомдун өнүгүшүнүн азыркы заманбап этабында, эл аралык мамилелер жана экономика, илим жана маданият чөйрөсүндөгү кызматташтык кеңейүүдө. Аны менен бирге котормонун ролу жана анын сапатына болгон талап кыйла жогорулады. Кытай жомокторун, анын ичинде “Паньгу-аалам жаратуучу” мифин кыргыз тилине которууда мазмуну да, формасы да жагынан төп келе тургандай түп нусканын бүтүндүгүн толугу менен башка тилдин каражаттары аркылуу кайра жаратуу милдеттерин жүзгө ашыруу бул менин негизги максаттарымдын бири болуп саналат. Бул максатты толук жана туура аткаруу үчүн которулуп жаткан тилдин маданиятын, салтын таанып билүү да абзел. Жогоруда мисал келтирилген сейрек басылмалар фондусунан алынган адабияттар мына ошол кытай элинин космогоникалык мифтери жаатындагы билимибизди кеңейтүүгө, ошондой эле Асман империясынын жашоочуларынын менталитетин жакшыраак түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул басылмалар чыгыш таануучуларды гана эмес, Кытайдын маданиятына кызыккан ар бир адамды кызыктырышы мүмкүн.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси**:

1. Яншина, Э.М. Формирование и развитие древнекитайской мифологии / Э.М. Яншина. – М.: Наука, 1984. – 248 с.
2. Могила О., Чумаков С. Я познаю мир: Мифология. Европа. Азия. М.: АСТ, Олимп, 200. 496 с.
3. Энциклопедия по мифологии // Избакурног – эпос народов мира. 2001–2011. URL: http://izbakurnog.historic.ru/books/item/f00/s00/z0000001/st010.shtml, свободный (дата обращения:

01.03.2021).
4. Юань Кэ. Мифы древнего Китая.// 2-е изд. М.: 1987. 527 с. [1-е – 1965.]
5. Курган, О. Мифы и легенды Китая / О. Курган, С. Чумаков // Мифы и легенды народов мира: Япония, Китая, Монголия, Вьетнам: сборник. – М.: Мир книги: Литература, 2006. –С. 53–120
6. Кравцова, М.Е. История культуры Китая / М.Е. Кравцова. – СПб.: Лань, 2003. – 416с.
7. Титаренко М.Л. Духовная культура Китая. М.: Восточная литература РАН,2007. 869 с.
8. Историко-филологические исследования / гл. ред. М.Б. Храпченко. – М.: Наука, 1967. – 511 с.